MAKTABGACHA VA MAKTAB TA'LIMI VAZIRLIGI

PEDAGOGIK MAHORAT VA XALQARO BAHOLASH ILMIY-AMALIY MARKAZI

Respublika Ta'lim Markazi

# 2025-2026-ОКУУ ЖЫЛЫНДА ЖАЛПЫ БИЛИМ БЕРҮҮ МЕКТЕПТЕРДИН

# 11-КЛАСС

# ОКУУЧУЛАРЫ ҮЧҮН

# ӨЗБЕКСТАН ТАРЫХЫ

# ПРЕДМЕТИНЕН ЖЫЙЫНТЫКТООЧУ АТТЕСТАЦИЯСЫН ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА МЕТОДИКАЛЫК СУНУШ ЖАНА МАТЕРИАЛДАР

**ТАНДАЛМА ПРЕДМЕТТЕР**

# 2025-2026 – ОКУУ ЖЫЛЫНДА ЖАЛПЫ БИЛИМ БЕРҮҮ МЕКТЕПТЕРИНИН 11-КЛАСС ОКУУЧУЛАРЫ ӨЗБЕКСТАН ТАРЫХЫ ПРЕДМЕТИНЕН ЖЫЙЫНТЫКТООЧУ МАМЛЕКЕТТИК АТТЕСТАЦИЯДА ПАЙДАЛАНЫЛГАН ТЕСТ ТАПШЫРМАЛАРЫНЫН СПЕЦИФИКАЦИЯСЫ

Бул спецификация жалпы билим берүү мектептеринин 11-класс окуучуларынын Өзбекстан тарыхы предметинен билим, көндүм жана компетенцияларын баалоодо пайдалана турган тест тапшырмаларынын мазмунун, камтуусун, түрүн, формасын, баалоо критерийсин жана өткөрүлүү тартибине коюлган талаптарын чагылдырат.

## I. Жалпы принциптер

Баалоонун максаты – 11-класс окуучуларынын Өзбекстан тарыхы предметинен билим, көндүм жана компетенцияларын учурдагы программаларда белгиленген окуу максаттарынын негизинде комплекстүү баалоо. Бул баалоо натыйжаларынын негизинде 11-класстар үчүн жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестацияда кабыл алынуучу чечимдер негизделген болушун камсыздоо максатында балоодо жарактуулук, ишенимдүүлүк, адилеттүүлүк жана тазалык принциптерин сакталышы камсыздалат.

## II. Нормативдик негиздер

1. Өзбекстан Республикасы Элге билим берүү министринин 2008-жыл 4-марттагы «Жалпы орто билим алуучулардын жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясы жөнүндөгү уставды тастыктоо жөнүндөгү» 56-сандуу буйругу менен тастыкталган, «Жалпы орто билим алуучулардын жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясы жөнүндөгү устав».

2. Өзбекстан тарыхы предметинен 6-11-класстар үчүн амалдагы окуу программасы.

3. Өзбекстан Республикасынын Мекпекке чейинки жана мектепте билим берүү министринин 2026-жылдын 16-мартындагы №102 «2025-2026-окуу жылында жалпы орто билим берүүчү мекемелеринде окуучуларды жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациялоону уюштуруу жана өткөрүү жөнүндө» буйругу.

## III. Баалоонун камтуусу жана бөлүнгөн убакыт

Окуучулар үчүн Өзбекстан тарыхы предметин билүү даражасын аныктоо боюнча жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестация сыноосунда жалпы 20 тест тапшырмасы берилет.

Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестация сыноосу үчүн **180 мүнөт** убакыт берилген.

Тест тапшырмаларынын мазмун багыты, бааланууучу билим, көндүм жана компетенциялар боюнча бөлүштүрүлүшү төмөнкү жадыбалда чагылдырылган.

| **Мазмун тармагы** | **Конструкттар** | **Тесттер саны** |
|---|---|---|
| | | 20 |
| **Байыркы дүйнө тарыхы** | – байыркы доор, байыркы адамдар, алардын диний ишенимдери, ойлоп табуулары жана байыркы жашаган жерлеринин классификациясын табуу;<br>– Орто Азияда жаңы диндин пайда болушу, байыркы уруулар жана алар негиздеген мамлекеттерге тиешелүү маалыматтардын окшош жана айырмачылыктарын табуу;<br>– өлкөбүздө алгач ахаманилер, кийинчерээк Македония мамлекетинин бийлиги орнотулушу жана анын таасиринде жүз берген окуяларды айырмалай алуу;<br>– б.з.ч. IV кылым – б.з. III кылымдардагы Орто Азиядагы мамлекеттер менен байланыштуу болгон маалыматтарды аныктоо. | 2 |
| **Орто кылымдар тарыхы** | – Орто Азиядагы социалдык абал, Алгачкы Орто кылымдарда пайда болгон мамлекеттер, жергиликтүү бийликтер, ошол доордун маданий турмушундагы маалыматтарды дал келтире алуу;<br>– арабдардын өлкөбүздөгү бийлигинин орнотулушу, мунун натыйжасында Туранда саясий, социалдык-экономикалык, маданий тармакта жүз берген өзгөрүүлөрдү салыштыра алуу;<br>– Арабдардын бийлигинен кийин Орто Азиядагы саясий жагдай, Харезмде алгач, Мамунилер бийлиги, кийинчерээк Ануштегинилер салтанаты менен байланыштуу маалыматтарды аныктоо;<br>– Жалаллиддин Мангубердинин эрдиги, Чагатай улусу жана этникалык жараяндар менен байланыштуу маалыматтарды ажырата алуу жана дал келтирүү;<br>– Мавараунннахр жана Харезмдеги маданий турмуш: адабият, диний билимдердин өнүгүүсү, архитектура, искусство жана музыкага тиешелүү маалыматтарды өз ара айырмалап, салыштыруу;<br>– Темурилер империясынын пайда болушу, бул мамлекеттин саясий, социалдык-экономикалык, аскердик, маданий турмушу менен байланыштуу маалыматтарды салыштыруу;<br>– XIV – XV кылымдарда илим жана маданияттын заманбап цивилизациянын өнүгүшүндөгү ролун аныктап, дал келтирүү; | 3 |

| | | |
|---|---|---|
| **Үч хандык доору** | – XV кылымдын аягы – XVI кылымдын баштарында Маварауннахр жана Хурасандагы саясий жагдайды аныктоо;<br>– Бухара хандыгынын пайда болушу, мамлекеттик башкаруусу, социалдык-саясий, маданий, аскердик тармактарын ажырата алуу;<br>Аштарханилердин бийлиги жана Мангыттар династиясынын бийликке келиши, Хива хандыгынын пайда болушу, бул мамлекеттердин ички жана тышкы саясаты, өз ара мамиелелери, алардын окшош жана айырмалуу жактарын аныктап, салыштыра алуу;<br>– Каракалпактардын калк катары калыптанышы, алардын социалдык, саясий, маданий турмушун талдоо;<br>– Миңдер династиясынын бийликке келиши, Кокон хандыгынын ички жана тышкы саясатына байланыштуу маалыматтарды талдоо жана жыйынтык чыгаруу. | 3 |
| **Өзбекстан тарыхынын кылымдын XIX ортолорунан – 1917-жылга чейинки болгон доору** | – XIX кылымдын ортолорунда Орто Азия мамлекеттеринде жүз берген окуяларды талдоо;<br>– Россия империясынын Орто Азияга бастырып кириши жана бийлигинин орнотулушу, Россиянын колониялык саясатына каршы элдик кыймылдар менен байланыштуу маалыматтарды аныктоо, жыйынтык чыгаруу;<br>– Түркстан генерал-губернаторлугу, жер-суу жана сот системасында ишке ашырылган реформалардын аныктоо, талдоо жана жыйынтык чыгаруу;<br>– XIX кылымдын экинчи жарымында Түркстандагы улуттук-боштондук кыймылдар жана анын келип чыгуу себептерин жана натыйжаларын айырмалай алуу;<br>– XIX кылымдын аягы – XX кылымдын баштарында каракалпактардын географиялык жайгашуусу, алардын социалдык турмушу, Түркстан генерал-губернаторлугунун курумына киришине тиешелүү маалыматтардын хронологиялык удаалаштыгын тактай алуу;<br>– жадидчилик кыймылынын пайда болушу, алардын программалык максат жана милдеттери, жадидчилик кыймылынын өкүлдөрү жана ишмердүүлүгүнө тиешелүү маалыматтарды ажырата алуу;<br>– Биринчи дүйнөлүк согуштун Түркстанга таасири, согуштун кесепеттерин аныктоо;<br>– жаш бухаралыктар жана жаш хивалыктардын ишмердүүлүгү, Бухара амирлиги, Хива хандыгынын түгөтүлүшү, колониялык мезгилдеги маданий турмуш менен байланыштуу маалыматтардын классификациясын табуу;<br>– Колониялык шартта Түркстандагы билим берүү системасы, басма, илим-билимдин өнүгүүсү, театр, музыка, архитектура тармагынын өзгөчөлүктөрүн айырмалай алуу; | 4 |

| | | |
|---|---|---|
| **Өзбекстандын 1917 – 1991-жылдар тарыхы** | – Россияда 1917-жылдагы бийлик алмашуусу, анын Түркстандагы таасири, Түркстанда совет бийлигинин орнотулушу менен байланыштуу маалыматтарды айырмалай алуу;<br>– Түркстан автономиясынын пайда болушу жана түгөтүлүшү, Орто Азияда жүргүзүлгөн улуттук көз карандысыздык кыймылы жөнүндөгү маалыматтарды ажырата алуу;<br>– Орто Азияда өткөрүлгөн аймактык чек аралануу жана анын кесепеттери, Советтердин Түркстанда ишке ашырган реформалары, жүргүзүлгөн саясаттарына тиешелүү маалыматтарды аныктай алуу;<br>– Өзбекстан ССРде XX кылымдын 20 – 30-жылдарында жүргүзүлгөн репреция саясатына тиешелүү маалыматтарды айырмалай алуу;<br>– Экинчи дүйнөлүк согуш, өзбекстандыктардын фронттогу эрдиги жана каармандыктары жөнүндөгү маалыматтарды аныктоо, ажырата алуу;<br>– Биринчи генерал-майор Сабыр Рахимовдун ишмердүүлүгү, согуш мезгилинде илим, маданияттын абалы, согуштан кийинки мезгилде Өзбекстан ССРнин калк чарбасы менен байланыштуу маалыматтардын классификациясын табуу;<br>– XX кылымдын 80-90-жылдарында Өзбекстан ССРде «Пахта иши», «Өзбек иши» деп аталган саясий репрециянын ишке ашырылышы, атеистик үгүткө тиешелүү маалыматтардын удаалаштыгын аныктай алуу. | 4 |
| **Өзбекстандын эгемендүүлүк доору (1991 – 2025)** | – Өзбекстан Республикасынын түзүлүшү, мамлекеттик башкаруу системасы, жарандык коомунун калыптанышын аныктай алуу;<br>– Мамлекетибиздин куралдуу күчтөрү жана улуттук армиясынын калыптанышы, бул тармакта ишке ашырылган реформалардын классификациясын табуу;<br>– улуттук экономика, социалдык саясат жана аны ишке ашыруу баскычтарын айырмалай алуу;<br>– мамлекетте өндүрүү жөндөмдүүлүгүнүн жогорулашы жана дүйнөлүк экономикага интеграциялашуусу, улуттар аралык ынтымактык жана диний кең пейилдүүлүк саясаты, билим берүү жана илим-билим жөнүндөгү маалыматтарды аныктоо;<br>– Улуттук жана диний баалар, Улуу ата-бабалардын элесинин калыбына келиши, маданият жана искусствонун өнүгүшүнө тиешелүү маалыматтарды айырмалай алуу;<br>– Өзбекстан Республикасынын тышкы саясатынын калыптанышы жана артыкчылыктуу багыты, дүйнөнүн алдыңкы мамлекеттери менен кызматташтыгы менен байланыштуу маалыматтарды аныктоо; | 4 |

| | | |
|---|---|---|
| | – Өзбекстандын эл аралык уюмдарга мүчө болушу, алар менен кызматташтыкта ишке ашырылган программаларды аныктоо. | |
| **Жалпы** | | **20** |

## IV. Когнитивдик көндүмдөр боюнча бөлүштүрүлүшү

| **Когнитивдик деңгээл** | **Түшүндүрмөсү** | **Тесттер саны** |
|---|---|---|
| **Билүү (Б)** | Билүү деңгээлиндеги, башкача айтканда, репродуктивдүү тапшырмалар окуучудан окуу материалдарын кайра иштебестен эс тутумда сактоо жана тааныш кырдаалдарда колдонууну талап кылат. Бул түрдөгү тапшырмалар төмөнкүлөрдү баалайт: мыйзамдуулуктар, касиеттер, түшүнүктөр, терминдердин маңызын жана аларды эсте сактоо. | 5 |
| **Колдонуу (К)** | Колдонуу деңгээлиндеги, башкача айтканда, продиктивдүү тапшырмалар окуучудан үйрөнүлгөн мыйзам жана мыйзамдуулуктарды берилген кырдаалга ылайыктуу түрдө тандоо, талдоо, салыштыруу, бир канча мыйзам жана мыйзамдуулуктарды бир учурда колдоо жана жалпылоо, ошондой эле, жыйынтык чыгарууну талап кылат. | 13 |
| **Ой жүгүртүү (О)** | Ой-жүгүртүү деңгээлиндеги, башкача айтканда, интеллектуалдык тапшырмалар, окуучудан өздөштүрүлгөн билим жана көндүмдөрдү тааныш эмес кырдаалдарда колдонуу, талдоо, синтездөө, салыштыруу, мыйзам жана мыйзамдуулуктарды иштетип, жалпылоо жана жыйынтык чыгарууну талап кылат. | 2 |

## V. Тапшырманын түрлөрү боюнча бөлүштүрүлүшү

| **ТАПШЫРМАНЫН ТҮРҮ** | **ТҮШҮНДҮРМӨСҮ** | **ТАПШЫРМАНЫН САНЫ** |
|---|---|---|
| Кыска жооптуу ачык тест **(О1)** | суроого кыска сүйлөм менен жооп берүүнү талап кылуучу жазма тапшырмалар | 6 |
| Дал келтирүү ачык тести **(О2)** | суроонун мазмунуна ылайыктуу жоопторду дал келтирүүнү талап кылуучу жазма тапшырмалар | 5 |
| Көп тандоолу жабык тест **(Ж1)** | суроонун мазмунуна ылайыктуу болгон жооп варианттарынын ичинен тууралырын табууну талап кылуучу жабык тест тапшырмалары | 9 |

## VI. Баалоонун критерийси жана баллды баага айландыруу тартиби

Окуучулардын жазма иштери жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестация сыноолорунда ар бир предметтен эң жогорку 100 балл менен бааланат. Тапшырмалар үчүн белгиленген баллдар алардын таталлдык даражасын, аткарууда талап кылынуучу билим, көндүм жана логикалык ой-жүгүртүү көлөмүн эсепке алуу менен белгиленген. Тапшырмалардын мазмуну жана татаалдык даражасынын негизинде ар түрдүү балл менен бааланат. Ар бир тапшырманын баалоо критерийси баалоо формасында берилген. Төмөндө баллды баага конвертациялоо жадыбалы берилген:

**Баллды баага айландыруу жадыбалы**

| Балл (%) | Баа | Түшүндүрмөсү |
|---|---|---|
| 0 – 29 | “2” | “канаатандырарлыксыз” |
| 30 – 65 | “3” | “канаатандырарлуу” |
| 66 – 85 | “4” | “жакшы” |
| 86 – 100 | “5” | “эң жакшы” |

## VII. Баалоо формасы

Окуучунун билим, көндүм жана компетенцияларын баалоо баскычы, бааlануучу мазмун тармагы, тапшырманын түрү, когнитивдик жараян жана баалоо критерийлери төмөнкү жадыбалда берилген:

| Тапшырманын тартип номери | Мазмун багыты | Тапшырманын түрү | Когнитивдик даража | Баалоо критерийси |
|---|---|---|---|---|
| **1-баскыч** | | | | |
| 1. | Эң байыркы түзүмдөн цивилизацияга карай | О1 | Б | 2 балл |
| 2. | Б.з.ч. I миң жылдыкта Орто Азия | О2 | К | 6 балл |
| 3. | Орто кылымдарга жерге ээлик кылуу мамилелеринин калыптанышы жана өнүгүшү. Араб халифаттыгы доорунда Мавараунахр | О2 | К | 6 балл |
| 4. | Мавараунахрда көз карандысыз мамлекеттердин пайда болушу. Ата-бабаларыбыздын илимий мурасы адабиятка тиешелүү руханий казына | О2 | К | 6 балл |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 5. | Амир Темур жана Темурилер доору тарыхы<br>XIV – XV кылымдарда илим жана маданияттын заманбап цивилизациянын өнүгүшүндөгү ролу жана мааниси | О2 | К | 6 балл |
| 6. | XV кылымдын аягы – XVI кылымдын баштарында Мавараунахр жана Хурасандагы саясий жадай | О2 | К | 6 балл |
| 7. | Бухара хандыгы жана амирлиги<br>Хива хандыгы | О2 | К | 6 балл |
| 8. | XVI – XIX кылымдын биринчи жарымында каракалпактар. XVIII – XIX кылымдын биринчи жарымында Кокон хандыгы | О3 | О | 6 балл |
| 9. | XIX кылымдын ортолорунда өзбек хандыктарынын саясий, экономикалык жана маданий турмушу. Россия империясынын Орто Азияны басып алышы. Россия империясынын Түркстандагы колониялык саясаты | О3 | О | 6 балл |
| 10. | XIX кылымдын аягында Түркстандагы улуттук-боштондук кыймылдары. XX кылымдын баштарында каракалпактар | О2 | К | 6 балл |
| 11. | Жадиддер кыймылы жана анын Түркстандын социалдык-саясий жана маданий турмушундагы таасы. Түркстан жана Биринчи дүйнөлүк согуш.<br>XIX кылымдын аягы – XX кылымдын баштарында Бухара амирлиги жана Хива хандыгы | О2 | К | 6 балл |
| 12. | Колониялык шартта Түркстанда маданий турмуш | О1 | Б | 2 балл |
| 13. | 1917-жылдагы февраль, октябрь окуялары, жана анын Түрсктандагы таасири. Түрктан автономиясы, Түркстан АССР, БХСР, ХХСРда совет бийлигине каршы куралдуу кыймылдар | О2 | К | 6 балл |
| 14. | Орто Азияда аймактык чек аралануу. Совет бийлигинин ишке ашырган реформаларынын мазмуну. Совет өкмөтү тарабынан Өзбекстанда | О1 | Б | 2 балл |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | жүргүзүлгөн индустриалдаштыруу жана маданий саясат | | | |
| 15. | Өзбекстанда ишке ашырылган репреция саясаты. Экинчи дүйнөлүк согуш, өзбекстандыктардын фронттогу эрдиги жана баатырдыктары | О2 | К | 6 балл |
| 16. | Гвардиячы генерал-майор Сабыр Рахимов.<br>Өзбекстандын илими жана маданияты жеңиш үчүн кызматта | О1 | Б | 2 балл |
| 17. | Улуттук мамлекеттүүлүктүн түптөлүшү | О1 | Б | 2 балл |
| 18. | Экономикалык реформалар жана социалдык саясат. Билим берүү жана илим-билим | О2 | К | 6 балл |
| 19. | Руханий жана маданий өнүгүү. Эл аралык мамилелер жана тышкы саясат | О2 | К | 6 балл |
| 20. | Эл аралык жана аймактык уюмдар менен кызматташтык | О2 | К | 6 балл |
| **Жалпы** | | **100 балл** | | |

## VIII. Экзамендин тартиби

*Тыюу салынган каражаттар:* экзамен учурунда мобил телефон, акылдуу саат, планшет же эскертмелерден пайдаланууга катуу тыюу салынат.

*Ахлак жана тартип:* нуска көчүрүү, жардам суроо же жардам берүү, экзамен учурунда сүйлөшүү, уруксатсыз чыгуу сыяктуу абалдарга тыюу салынат.

Күзөтчү эреже бузуучулукту аныктаганда, протокол түзүп, тыңдоочуну тесттен четтетет жана натыйжасы жокко чыгарылат.

## IX. Сунушталып жаткан негизги адабияттар

1. Байыркы дүйнө тарыхы 6-класс окуу китеби. А.С.Сагдуллаев, В.А. Костецкий “Янгийўл полиграф сервис”, Ташкент-2017.

2. Өзбекстан тарыхы 7- класс окуу китеби. А.Мухаммаджанов “Шарқ”, Ташкент-2017.

3. Өзбекстан тарыхы 8- класс окуу китеби. У.Жураев, К.Усманов, Г.Жураева, Н.Норкулов, “Ўқитувчи”, Ташкент-2019.

4. Өзбекстан тарыхы 9- класс окуу китеби. С.Тиллабоев, А.Заманов, “Sharq “, Ташкент-2019.

5. Өзбекстан тарыхы 10- класс окуу китеби. С.Тиллабоев жана б. Республикалык билим берүү борбору, Ташкент-2022.

6. Өзбекстан тарыхы 11- класс окуу китеби. А.Заманов, О. Абдимоминов, жана б. Республикалык билим берүү борбору, Ташкент -2025.

**1-суроо**

1. Бир жагы уруп курчталган одоно таш курал археологияда эмне деп аталат?

| | | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Жообу:** | | | | | | | | | | | |
| **Балл:** | | | | | | | | | | | |

2. Соңку палеолитте жашаган, бүгүнкү көрүнүштөгү адам кандай аталат?

| | | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Жообу:** | | | | | | | | | | | |
| **Балл:** | | | | | | | | | | | |

3. Биргеликте жашаган жана эмгек кылган, жалпы эмгек куралдары жана курал- жарактарга ээ болгон урук жамааты тапкыла.

| | | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Жообу:** | | | | | | | | | | | |
| **Балл:** | | | | | | | | | | | |

4. Адамзат тарыхындагы эне уруусу доору эмне деп аталат?

| | | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Жообу:** | | | | | | | | | | | |
| **Балл:** | | | | | | | | | | | |

5. 8–9 жаштагы неандертал баланын сөөк калдыктары табылган, орто палеолит доору маданиятынын дүйнөгө белгилүү эстелиги саналаган жердин атын аныктагыла.

| | | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Жообу:** | | | | | | | | | | | |
| **Балл:** | | | | | | | | | | | |

**2-суроо**

1. Төмөнкү маалыматтардын кайсы бири зардуштийликке тиешелүү эмес?

**I.** Диний салтанаттар ачык асман астында, оттун айланасында же үйдөгү очоктун отунун тегерегинде өткөрүлгөн.

**II.** Зардушт насааттарынын тексттеринин бардыгы б.з.ч IX – VIII кылымдарда 21 китепте топтолгон.

**III.** Митрас жалындуу чагылгандын жардамы менен жамандыктын жана өлүмдүн кудайы Ахриман менен салгылашат.

**IV.** Бул динде адамдын негизги милдети, биринчиден, адилеттүү жашоо образы болуп саналган.

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| **Жообу:** | | | | |
| **Балл:** | | | | |

2. Төмөнкүлөрдөн сактардын экинчи тобу менен байланыштуу туура жоопторду аныктагыла.

**I.** Арал деңизинин бойлорунда, Сырдарыянын төмөнкү агымында жашашкан.

**II.** Сака-хаомаварк,башкача айтканда, ыйык суусундукка сыйынган сактар деп аталган.

**III.** Учтуу кийиз калпак кийип жүрүүчү сактар деп аталган

**IV.** Ташкент облусу жана түштүк Казакстандын жерлеринде жашашкан.

| **Жообу:** | | | | |
|---|---|---|---|---|
| **Балл:** | | | | |

3. Төмөнкү маалыматтардын кайсы бири ахаманилердин Орто Азияга каршы аскердик жортуулу менен байланыштуу эмес.
I. Сактардан чыккан койчу бала – Ширак ахаманилердин өкүмдары Доро I ге каршы күрөш жүргүзгөн.
II. Согдианада Спитаманын жетекчилиги астында ири козголоң көтөрүлдү.
III. Доро I башкаруунун үчүнчү жылында сактарга каршы жортуул жасады.
IV. Кир II массагеттердин ханышасы Томарис менен болгон салгылашууда курман болду.

| **Жообу:** | | | | |
|---|---|---|---|---|
| **Балл:** | | | | |

4. Македониялык Александр менен байланыштуу болбогон жоопту тапкыла.
**I.** Биздин заманга чейинки 329-жылда Мароккону ээледи.
**II.** Сактарга каршы күрөшүү үчүн Александрия Эсхатасын курдурду.
**III.** «Политимет» (Зарафшан) дарыясы боюнда Спитаман аскерлерин кырып таштады.
**IV.** Биздин заманга чейинки 328-жылдын күзүндө Спитамен менен чечүүчү салгылашуусу болуп өттү.

| **Жообу:** | | | | |
|---|---|---|---|---|
| **Балл:** | | | | |

5. Төмөнкүлөрдүн арасынан Салавкилер менен байланыштуу болбогон жоопту аныктагыла.
**I.** Мамлекеттин курамына кирген Орто Азия сатрапияларга ажыратылган.
**II.** Биздин заманга чейинки 323-жылда Салавк Вавилондун өкүмдары булду.
**III.** Салавкинин уулу Антиох Чыгыш облустардын башкаруучусу болуп дайындалды.
**IV.** Мамлекетти коргоо жана кошундарды түзүү менен стратег алектенген.

| **Жообу:** | | | | |
|---|---|---|---|---|
| **Балл:** | | | | |

**3-суроо**

**1.** Туура дал келтирилген жоопторду аныктагыла.

| | | |
|---|---|---|
| **I. Харезм**<br><br>**II. Кидарилер** | A | Орто Азияда 120 жылдан ашыгыраак ишмердүүлүк жүргүзгөн. |
| | B | Өкүмдары алгач «малик шах», кийинчерээк «ябгу» аты менен аталган. |
| | C | Бүргүт жана ылаачын мамлекетте бийлик символу саналган. |
| | D | Эфталдардан жеңилгенден кийин, Түндүк Индияга карылып, ал жерде 75 жыл өкүмдарлык кылган. |

| | I | II |
|---|---|---|
| **Жообу:** | | |
| **Балл:** | | |

**2.** Туура дал келтирилген жоопторду аныктагыла.

| | | |
|---|---|---|
| **I. Истеми**<br><br>**II. Тун ябгу** | A | Башкаруу тартибин реформалап, жергиликтүү өкүмдарларга кагандыктын «ябгу» макамы берилген. |
| | B | Түрктөрдүн батышка карай жортуулдарына башчылык кылган. |
| | C | Абру козголоңун бастырып, кадивар жана кызматкерлерди өз кожоюндарына кайтарган. |
| | D | Алтай жана Түштүк Сибирде Түрк каганатын негиздеген. |

| | I | II |
|---|---|---|
| **Жообу:** | | |
| **Балл:** | | |

**3.** Туура дал келтирилген жоопторду аныктагыла.

| | | |
|---|---|---|
| **I. Кидарийлер - сасанийлер**<br><br>**II. Эфталдар – сасанийлер** | A | 456-жылда өз ара элчилик байланыштарын жолго коюшат. |
| | B | Эки мамлекеттин ортосундагы согуш Пероздун кыйрашы менен аяктаган. |
| | C | VII кылымдын биринчи жарымында тогуз жолу соода элчилери жиберилет. |
| | D | 456-жылда мамлекеттер ортосунда салгылашуу болуп өткөн. |

| | I | II |
|---|---|---|
| **Жообу:** | | |
| **Балл:** | | |

**4.** Туура дал келтирилген жоопторду аныктагыла.

| | | |
|---|---|---|
| **I. Бухара**<br><br>**II. Самарканд** | A | 710-жылда Кутайба ибн Муслим тарабынан басып алынган. |
| | B | Абру жетектеген Түрк каганатына каршы козголоң болуп өткөн. |
| | C | 718-жылда бул шаардан тартуу катары Кытайга туулга жиберилген. |
| | D | 651-жылда арабдарга согушсуз багынган шаарлар болуп саналат. |

| | I | II |
|---|---|---|
| **Жообу:** | | |
| **Балл:** | | |

**5.** Туура дал келтирилген жоопторду аныктагыла.

| | | |
|---|---|---|
| **I. Вазир ул-вузара** | A | Халифаттагы аскердик иштер үчүн жооптуу кызмат адамы. |
| | B | Негизги милдети вакфдан келүүчү кирешени бөлүштүргөн. |
| **II. Амир ул-умара** | C | Өкүмдардын жарлыктарын төмөнкү тапка жеткирүү менен алектенген. |
| | D | Араб халифаттыгында мамлекеттик башкарууда негизги орунда туруучу улуу вазир. |

| | I | II |
|---|---|---|
| **Жообу:** | | |
| **Балл:** | | |

**4-суроо**

**1.** Төмөнкүлөрдү туура дал келтиргиле.

***1. Фаржак медресеси*** ***2. Факиктер медресеси***

a) Бухаранын бул байыркы имараты X кылымда курулган;
b) Самаркандда бой көтөргөн болуп, эки кабат элүү хужрадан турат;
c) Орто Азиядагы алгачкы илим ордосу саналган;
d) Бухаранын Дарвазаи Мансур кыштагында бой көтөргөн;
e) медресе ачылган күнү биринчи сабакты Шамсиддин Мухаммад Хавафий өткөн;
f) мыйзамчылар үчүн атайын курулган;

| | 1 | | 2 | |
|---|---|---|---|---|
| **Жообу:** | | | | |
| **Балл:** | | | | |

**2.** Таарыхый инсандарды берилген маалыматтар менен туура дал келтиргиле.

***1. Рофе ибн Лайс*** ***2. Якуб ибн Лайс***

a) бул адамдын баштаган козголоң тахирилерге каршы каратылган;
b) Аббасилерге каршы каратылган козголоңго жетекчилик кылган;
c) бул адамдын аракеттеринин натыйжасында уммавийлер кулатылып, ордуна аббасилер бийликке келет;
d) Бухарада болуп өткөн козголоңго жетекчилик кылып, Абу Муслимге каршы күрөш жүргүзгөн;
e) 873-жылда Хурасандын борбору Нишапурду ээлөөгө жетишкен;
f) бул адамды колго алуу үчүн Хурасандын наиби Мамун Саманхудаттын наибдеринен жардам сураган.

| | 1 | | 2 | |
|---|---|---|---|---|
| **Жообу:** | | | | |
| **Балл:** | | | | |

**3.** Төмөнкү мамлекеттерди берилген маалыматтар менен туура дал келтиргиле.

***1. Газнавийлер мамлекуети*** ***2. Саманилер мамлекети***

а) Наршахинин айтымында, мамлекеттик башкаруу негизинен он диван аркылуу жүргүзүлгөн;
b) облус өкүмдары – валий, шаар өкүмдары – раис деп жүргүзүлгөн;
c) мамлекетте тактын талапкерин аныктап көрсөтүүчү кеңеш иштеген;
d) мамлекет кудуреттүү кошуундан тышкары аскердик флотко да ээ болгон;
e) VII кылымдын биринчи жарымында мамлекеттин Кытай менен экономикалык байланыштары активдешкен;
f) мамлекет гүлдөп-өскөн мезгилде Маварауннахр, Хурасан, Түндүк жана Чыгыш Иранды өз ичине алган.

| | 1 | | 2 | |
|---|---|---|---|---|
| **Жообу:** | | | | |
| **Балл:** | | | | |

**4.** Орто кылымдарда болуп өткөн салгылашууларды туура дал келтиргиле.

***1. Худжанд шаарынын жанындагы салгылашуу***

***2. Талас өрөөнүндөгү салгылашуу***

а) салгылашуунун натыйжасында Саманийлер мамлекети тарых сахнасынан кетет;
b) бул салгылашууда кытайлыктар жеңилүүгө учурайт;
c) бул салгылашууда Сабуктегин кыянаттык кылып Бухараны ээлейт;
d) салгылашуунун натыйжасында кошуун мамлекеттин аймагынан кууп чыгарылды;
e) караханийлер жана каракытайлар ортосунда болуп өтөт;
f) караханийлер элекханы Махмудка катуу сокку берилет.

| | 1 | | 2 | |
|---|---|---|---|---|
| **Жообу:** | | | | |
| **Балл:** | | | | |

**5.** Агымдар (секта) менен байланыштуу маалыматтарды туур дал келтиргиле.

***1. Яссавия агымы*** ***2. Кубравия агымы***

а) дүйнө жыргалчылыгынан баш тартууну четке кагат;
b) жеткилеңдикке бөлүнүү жана дүйнө жыргалчылыгынан баш тартуу идеясы алга сүрүлөт;
c) бул агым Мавараунахр, Хурасан жана Харезмде кеңири таралат;
d) ар кандай оор мезгилдерде да Мекенди коргоо жана анын көз карандысыздыгы үчүн күрөшүүгө үгүттөйт;
e) адам баласы улуу даражага көтөрүлөт;

f) анын өнүгүшүнө Алишер Наваи, Абдурахман Жамий, Кожо Ахрар сыяктуу окумуштуулар чоң салым кошушкан.

| | 1 | | 2 | |
|---|---|---|---|---|
| **Жообу:** | | | | |
| **Балл:** | | | | |
| | | | | |

**5-суроо**

**1.** Туура дал келтирилген жоопту жазгыла.

| Жыл | Тарыхый инсан | Окуя |
|---|---|---|
| 1381-жыл | Амир Темур | _____A____. |
| ____B____. | Амир Хусайн | Эки күндүк курчоодон кийин Амир Темурга багынууга аргасыз болду |
| 1365-жыл | ____C____. | Ташкент менен Чыназ ортосундагы Чырчык дарыясынын боюнда болуп өткөн салгылашууда жеңишке жетти |

1. 1370-жыл.
2. Иляскожо.
3. Туглук Темур.
4. Харезмге бешинчи жолу жортуул жасап, аны үзүл-кесил багындырды.
5. Герат, Сеистан, Мозандаронду ээлеп, Хурасанда өз бийлигин орнотту.
6. 1363-жыл.

| **Жообу:** | A | B | C |
|---|---|---|---|
| | | | |
| **Балл:** | | | |

**2.** Туура дал келтирилген жоопту жазгыла.

| Жыл | Тарыхый инсан | Окуя |
|---|---|---|
| 1385-жыл | Амир Темур | _____A____. |
| ____B____. | Клавихо | Өз журтуна кайтып келди |
| 1553-жыл | ____C____. | Европа окумуштууларынын Амир Темур жөнүндөгү биринчи изилдөөсү саналган «Скифиялык Тамерландын улуулугу» чыгармасы басылып чыкты |

1. 1404-жыл.
2. Франция жана Англияга атайын элчилер аркылуу Карл VI жана Генрих IV аттарына каттар жолдоду.
3. Перондино.
4. 1406-жыл.
5. Перо Мексика.
6. Египет султаны Баркук менен расмий байланыштар башталды.

| **Жообу:** | A | B | C |
|---|---|---|---|
| | | | |
| **Балл:** | | | |

**3.** Туура дал келтирилген жоопту жазгыла..

| Жыл | Тарыхый инсан | Окуя |
|---|---|---|
| 1405-жыл | Халил Султан Мырза | ____А____. |
| ____В___. | Амир Худайдат | Өрдөбө жана Шахрухия шаарларын оңой эле ээлеп, Самарканд карай жортуул тартат |
| 1411-1412-жылдар | ____С___. | Маварауннахр жана Түркстан ды толук башкаруу анын колуна өтөт |

1. 1409-жыл.
2. Пир Али таз жетектеген кутумчулардын колуна түшүп, курман болду.
3. Шахрух Мырза.
4. Самаркандды ээлеп, өзүн Мавараунахрдын жогорку өкүмдары деп жарыялады.
5. 1410-жыл.
6. Мырза Улукбек.

| **Жообу:** | А | В | С |
|---|---|---|---|
| | | | |
| **Балл:** | | | |

**4.** Туура дал келтирилген жоопту жазгыла.

| Жыл | Тарыхый инсан | Окуя |
|---|---|---|
| 1410-жыл | ____А___. | Өз тарапташтары менен Улукбекке каршы согушуп, аны жеңет |
| 1425- жыл | Мырза Улукбек | ____В____. |
| ____С__. | Шахрух | Харезмди Алтын Ордонун карамагынан кайтарып алат. |

1. Халил Султан Мырза.
2. Ыссык-Көл жакынында болуп өткөн кагылышууда моңголдордун үстүнөн жеңишке жетет.
3. 1409- жыл.
4. 1413- жыл.
5. Шайх Нуриддин.
6. Дамашк кыштагында болуп өткөн салгылашууда жеңилүүгө учурайт.

| **Жообу:** | А | В | С |
|---|---|---|---|
| | | | |
| **Балл:** | | | |

**5.** Туура дал келтирилген жоопту жазгыла.

| Жыл | Тарыхый инсан | Окуя |
|---|---|---|
| 1408-жыл | Мираншах | ____А____. |
| ____В____. | Улукбек | Фергана жана Кашкарды ээлөөгө жетишет |
| 1447-жыл | _____С____. | Хурасан тактыны ээлөөгө жетишти |

1. 1414-жыл.
2. Вазири Пир Али Таз жетектеген кутумчулар тарабынан өлтүрүлгөн.
3. 1418-жыл.
4. Кара Юсуф менен болгон салгылашууда жеңилип, Азербайжан жана Ирак облустары темурийлердин колунан кетет.
5. Алавуддавла.
6. Хусайн Байкара.

| **Жообу:** | A | B | C |
|---|---|---|---|
| | | | |
| **Балл:** | | | |

## 6-суроо

**1.** Төмөнкүлөрдөн Абулхайрхан менен байланыштуу 2 туура жоопту аныктагыла.
a) Кыпчак талаасынын чыгыш бөлүгүндө «Өзбек улусу» деп аталган мамлекетти негиздеди;
b) Маварауннахр жана Хурасан темурийзадаларына жана Моңголия өкүмдарларына ички душмандарына каршы күрөшүүдө жардам көрсөтө баштады;
c) мамлекеттин борборун Сыгнакка көчүрүшү Темурийлерге каршы күрөшүүгө аттангандыгын түшүндүрөт эле;
d) Маварауннахрдын белгилүү мамлекеттик ишмерлери шайхулислам Абулмакарим башчылыгында аны Самарканд тактын ээлөөгө үгүттөштү.

| **Жообу:** | | |
|---|---|---|
| **Балл:** | | |

**2.** Бабур Мырза жана иниси Жахангир Мырза ортосундагы аскердик-саясий чыңалууну токтоткон келишим менен байланыштуу 2 туура жоопту аныктагыла.
a) Жахангир Мырза Андижанды ээлеп, Самаркандга болгон доосунан кечти;
b) Сырдарыянын түндүк жагы Аксы шаары менен Жахангирге калды;
c) Бабур мырза Андижанга кол тийгизбей, бир гана Самарканд менен чектеле турган болду;
d) Сырдарыянын түштүк жагы Андижан шаары менен Бабурга кала турган болду.

| **Жообу:** | | |
|---|---|---|
| **Балл:** | | |

**3.** Султан Хусайн Байкара жана Бадиуззаман ортосунда уруш келип чыгышына кандай факторлор себеп болду?
a) Мозандарон жана Сеистандын Музаффар Хусайн Мырзага тартуу кылышы;
b) Султан Хусайн Байкаранын Музаффар Хусайн Мырзага адилетсиз жан басышы;

c) Бадиуззамандын уулу Момун Мырзанын өлтүрүлүшү;
d) зафарнаамада Бадиуззамандын аты инисинен кийин тилге алынышы.

| | | |
|---|---|---|
| **Жообу:** | | |
| **Балл:** | | |

**4.** Кыпчак талаасындагы өзбек уруулары эмне себептен Мухаммад Шайбанийхандын бийликке келишин колдоп-кубаттады?
a) Абулхайрхандын өлүмүнөн кийин башталган өз ара кыргындарды дагы кайталанышын каалашпай эле;
b) Темурийлер тартып алган чыгыш облустарды кайтаруу алуучу жалгыз күч Шайбанийхан деп билишкен;
c) Хурасан аркылуу өтүүчү соода жолдорунун үстүнөн көзөмөлдү толук колго алуу ниетинде болушкан;
d) өзбек уруулары көптөн бери толук отурукташкан түрдө жашоону үмүт кылып келишкен.

| | | |
|---|---|---|
| **Жообу:** | | |
| **Балл:** | | |


**5.** Шайбаний Убайдуллахандын тарыхыбызга кошкон салымы кандай?
a) Самарканды борбор катары беделинин ар тараптуу ашырды;
b) Ысмайыл Сафавий кошуунунун чабуулдарын жокко чыгарып, Маварауннахрды алардын аскердик-саясий басымынан сактап калды;
c) Бабурий өкүмдар Шахжахан менен элчилик мамилелерин өнүктүрдү;
d) мамлекеттин ичиндеги саясий бытырандылыкты токтотту.

| | | |
|---|---|---|
| **Жообу:** | | |
| **Балл:** | | |

## 7-суроо

**1.** Венн диаграммасына таянып, төмөнкү берилген **мангыт** өкүмдарлары менен байланыштуу тарыхый окуяларды салыштыргыла.

**I. Мухаммад Рахимбий** **II. Шахмурат**





a) Самарканды калыбына келтирүү чарасын көрдү;
b) жалпы калкка таянып иш тутту жана адилеттүүлүк принциптерине баш ийди;
c) бардык мангыт бектерине чоң жер-мүлктү танха кылып берди;

d) Бухаранын бүткүл калкын Хива хандыгына каршы мамлекетти коргоого үгүттөдү;
е) борбордук бийликке баш ийбей жаткан урууларды жашап турган жайынан көчүрүп жиберүү практикасын колдоду.

| | I | II | III |
|---|---|---|---|
| **Жообу:** | | | |
| **Балл:** | | | |

**2.** Венн диаграммасына таянып, төмөндө берилген мамлекеттерди салыштыргыла.

**I. Бухара амирлиги** **II. Кокон хандыгы**





а) Амударыя өзөнүн өзгөртүү натыйжасында мамлекеттин экономикасы кризиске душар болду;
b) XIX кылымдын биринчи жарымында Ородөбө үчүн бир канча жолу күрөш жүргүздү;
c) 1832-жылда Пекинде Кытай менен келишимге кол коюлду;
d) XIX кылымдын биринчи жарымында өлкөнүн аймагы 200 миң$^2$ ты түзүп, калкы 2 миллион эле.
e) А.Бекович-Черкасский жетектеген экспедиция трагедиялуу аяктады.

| | I | II | III |
|---|---|---|---|
| **Жообу:** | | | |
| **Балл:** | | | |

**3.** Венн диаграммасына таянып, төмөндө берилген өкүмдарларды салыштыргыла.

**I. Амир Хайдар** **II. Мухаммад Рахимхан I**





а) мамлекеттик башкаруу системасын реформалап, Жогорку Кеңеш жана Кичүү Кеңештерди жолго койду;
b) Арабхан жана Мухаммад Амин ынак медреселерин кайрадан курдурат;

c) 1804-жыл Марвда иниси Диннасирбектин башчылыгында козголоң көтөрүлөт;
d) Шахрисабз жана Китабты баш ийдирүү үчүн 30 жыл бою күрөш жүргүздү;
e) 1822-жылда Марв үчүн күрөш алып барды.

| | I | II | III |
|---|---|---|---|
| **Жообу:** | | | |
| **Балл:** | | | |

**4.** Венн диаграммасына таянып, төмөндө берилген өкүмдарларды салыштыргыла.

**I. Араб Мухаммадхан** **II. Элбарскан** (*шайбаний*)





a) Вазир шарын Иран кошуундарынан бошоткондугунун урматына өз уулдарынын атына «газы» ылакабын кошуп айтууну буюрат;
b) өз мамлекетинин борборун өзгөртүрөт;
c) коңураттар династиясынын бийлигин расмий түрдө жарыялайт;
d) анын башкаруу доорунда мамлекет Хива хандыгы деп атала баштады;
e) бажыкана системасын реформалап, мамлекетте ичкиликке тыюу салды.

| | I | II | III |
|---|---|---|---|
| **Жообу:** | | | |
| **Балл:** | | | |

**5.** Венн диаграммасына таянып, төмөндө берилегн **шайбаний** өкүмдарлары менен байланыштуу тарыхый окуяларды салыштыргыла.

**I. Убайдуллахан** **II. Абдуллахан II**




a) Балхты Иран сафавийлеринен тартып алып, ал жерге иниси ВАри Мухаммадды аким кылып дайындады;
b) Сафавийлерге каршы күрөшүүдө руханий кубаты болгон Абдулла Сабраний тарбынан колдоп-кубатталды;
c) Харезмге чабуул жасап, Хива хандыгын баш ийдирди;

d) Мамлекет облустарын уулдарына жана жакын туугандарына мүлк кылып бөлүштүрүп беришинин натыйжасында саясий бытырандылык өрчүдү;
e) Сафавийлерге каршы күрөшүү натыйжасында Хурасандын чыгыш бөлүгүн ээледи.

| | **I** | **II** | **III** |
|---|---|---|---|
| **Жообу:** | | | |
| **Балл:** | | | |

**8-суроо**

1. Төмөнкү маалыматтарды талдап, окуя жана анын натыйжасын туура же туура эместигин аныктагыла.

| **№** | **Окуя** | **Натыйжа** |
|---|---|---|
| 1 | Чыңгызхан Ургенч шаарын ээлеп, Амударыя дамбасын буздуруп таштагандыктан Амударыянын өзөнү өзгөрдү. | Арал бою каракалпактардын бир бөлүгү Волга жана Арал дарыяларынын бойлоруна, Сырдарыя оазистерине көчүп келүүгө аргасыз болушту. |
| 2 | XVI кылымдын экинчи жарымында Ногой хандыгы талкаланды. | Каракалпактар Сырдарыянын төмөнкү агымына көчүп келишти жана казактардын кичүү Жүз хандыгынын курамына киришти. |
